Дидактика

№14(41) май, 2025-жыл

ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

ОШМУНУН ИНДУСТРУАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ КЫРГЫЗСТАНДА ЭҢ МЫКТЫ ДЕП ТАБЫЛДЫ

Өлкөдө биринчи жолу орто кесиптик билим берүү уюмдарынын улуттук рейтинги чыгарылды. Анда ОшМУнун индустриалдык-педагогикалык колледжи алдыңкы орунду ээледи.

Ал эми финансы-юридикалык колледжи төртүнчү, медициналык колледж сегизинчи орунга жайгашып, алдыңкы ондукка киришти.

Иш-чарага Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, орто кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери жана башка кызыкдар тараптар катышты.

Бул рейтинг орто кесиптик билим берүү мекемелеринин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында өткөрүлгөн. Демилге үч этап менен, 2024-жылдын 10-ноябрынан 2025-жылдын 21-майына чейин жүргүзүлгөн. Университеттин орто кесиптик билим берүү департаментинин директору Чынгызбек Мамажакып уулу буларды айтты:

“Биздин алты колледждин үчөө биринчилердин катарына киргени кубанычтуу. Айрыкча, индустриалдык-педагогикалык колледжибиздин алдыңкы орунду ээлеши жалпы жамааттын, университеттин жетекчилигинин колдоосу менен жетишилген чоң ийгилик. Бизге берилген өзгөчө макам, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, окуу процессин жакшыртуу, өнөктөштөр менен иштешүү жана студенттердин жашоо шартын жакшыртуу сыяктуу критерийлерде жүргүзүлгөн ишибиз мына ушундай жыйынтыкка алып келди” – деди.

Рейтингге жалпысынан 54 окуу жай катышкан. Алар аймактар боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

Бишкек шаары – 20, Чүй облусу – 7, Ош облусу – 12, Баткен облусу – 3, Жалал-Абад облусу – 6, Ысык-Көл облусу – 4, Нарын облусу – 1,Талас облусу – 1.

Алдынкы ондукка кирген ОКББ ББУлар:

Ош мамлекеттик университетинин индустриалдык-педагогикалык колледжи

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин колледжи

И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин колледжи

ОшМУнун финансы-юридикалык колледжи

И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи

И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун ОКББ бөлүмү

Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунун ОКББ бөлүмү

Ош мамлекеттик университетинин медициналык колледжи

Талас агрардык-экономикалык колледжи

Академик И. Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжи

Эске салсак: ОшМУда алты колледж бар.

АНКАРА СОЦИАЛДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ УНИВЕРСИТЕТИ МЕНЕН БАЙЛАНЫШ ЖОЛГО КОЮЛДУ

Түркиянын Анкара социалдык билим берүү университети менен ОшМУнун ортосунда меморандумга кол коюлду. Эки тараптуу кызматташуу аталган окуу жайдын ректору Муса Казым Арыжан баштаган делегациянын 29-майда ОшМУда болгон кызматтык сапарында ишке ашты.

Документте биргелешкен билим берүү программаларын иштеп чыгуу, студенттер менен окутуучулардын арасында академиялык мобилдүүлүк, илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү, конок лекцияларды окуу, тренингдерди өткөрүү үчүн белгилүү илимпоздор менен адистерди чакыруу каралган. Мындан тышкары окуу программаларын алмашуу, илимий долбоорлорду ишке ашыруу жана эл аралык маданий байланыштарды өнүктүрүү багыттары камтылган.

Коноктор ректор Кудайберди Кожобеков, тышкы байланыштар боюнча проректор Курсантбек Аттокуров, Орто кесиптик билим берүү департаментинин директору Чынгызбек Мамажакып уулу менен жолукту. Анда тараптар алдыда байланыштарды бекемдөөгө эки окуу жайдан тең жигердүү иш аракеттер көрүлөрүн белгилешти.

ЭКИ МИНИСТРЛИК ТҮЗҮЛДҮ

Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин базасында эки өз алдынча министрликти түзүү жөнүндө Жарлыкка кол койду:

- Мектепке чейинки, башталгыч, негизги жана жалпы орто билим берүү, баштапкы кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү функцияларды жүктөө менен Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги;
- Илимий, илимий-техникалык жана инновациялык иш, орто, жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү, интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү функцияларды жүктөө менен Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги түзүлдү.

Кол коюлган Жарлыкка ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия Кыргыз Республикасынын Илим, жогоркум билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Жогорку аттестациялык комиссия болуп кайра түзүлдү. Жарлык Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө системалуу өз ара байланышты жана өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга багытталган мамлекеттик башкаруунун интеграцияланган жана натыйжага багытталган системасын түзүү, жогорку билим берүү, илимий жана инновациялык иштер чөйрөсүндө башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу, жаш окумуштуулардын илимий-изилдөө жана инновациялык иштерге катышуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында кабыл алынды.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жыйынында өлкөнүн агартуу министрлигине Д. Кендирбаева менен илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине Б. Орозовдун талапкерлиги жактырылды.

ОШМУ МЕНЕН ПАКИСТАНДЫН УНИВЕРСИТЕТИ КЫЗМАТТАШУУ КҮЧӨТҮЛӨТ

Ош мамлекеттик университети менен Пакистандын Каид-и-Азам университети кызматташуу меморандумуна кол койду. Ага ректор Кудайберди Кожобеков жана аталган окуу жайдын профессору Мухаммад Зафар катышты.

Документте окуу жайлар билим берүү, илим изилдөө, искусство жана маданият багыттарында биргелешкен долбоорлорду ишке ашыруусу каралган. Мындан тышкары академиялык мобилдүүлүк, окутуучулар менен студенттердин тажрыйба алмашуусу боюнча да кызматташат.

Каид-и-Азам университети — Пакистандын эң жогорку рейтингге ээ болгон окуу жайы.

Дүйнөлүк рейтингде 315-орунду ээлейт. Университет Исламабад шаарында жайгашкан. Бүгүнкү күндө илим-билим берүү жана изилдөө ишмердүүлүгү боюнча дүйнөлүк деңгээлде жогору бааланып келет

ОШМУ МЕНЕН ГУАНДУН ТЕХНОЛОГИЯ ЖАНА КОММЕРЦИЯ ИНСТИТУТУ МЕНЕН КЕЛИШИМ ТҮЗҮЛДҮ

Ош мамлекеттик университетинин ректору Кудайберди Кожобеков Кытайга болгон иш сапарынын алкагында май айында Гуандун технология жана коммерция институтунда болду.

Анда ал окуу жайдын заманбап материалдык-техникалык базасы менен жеринен таанышты. Институттун жетекчилиги менен болгон жолугушууда жасалма интеллект, робототехника, автоматташтырылган инженерия, электро механика багыттары боюнча эки тараптуу кызматташуу маселелерин сүйлөштү. Окутуучулардын, студенттердин академиялык мобилдүүлүгүн арттыруу боюнча да пикир алышты.

Жолугушуунун соңунда ОшМУ менен Гуандун технология жана коммерция институтунун ортосунда эки тараптуу кызматташуу келишимине кол коюлду.

ОШМУДА БИР НЕЧЕ БАГЫТТАР БОЮНЧА АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖАРАЯНЫ ЖҮРГҮЗҮЛДҮ

Апрель айында билим берүү жаатындагы сапатка кепилдик берүүчү EdNet, НААР, ББПУА агенттиктери тарабынан программалык аккредитациялоо жараяны болуп өттү.

EdNet агенттиги тарабынан жалпысынан 13 багыт боюнча билим берүү программаларын карады. Алар — орто кесиптик билим берүү - чет тили, бакалавриат – журналистика, көркөм билим берүү, дизайн жана костюм жана текстиль искусствосу, чыгыш таануу, африка таануу, информациялык системаларды математикалык камсыздоо жана администрациялоо, специалитет – музыкалык эстрада искусствосу. Магистратура – көркөм билим берүү, туризм; PhD докторантура – электроэнергетика жана электротехника, физика жана математика болду.

EdNet агенттиги тарабынан дайындалган эксперттер беш кластерге бөлүнүп, билим берүү программалары менен иштешет. НААР агенттиги тарабынан дагы сырттан баалоо процедурасы өткөрүлдү.

Анда дарылоо иши, фармация, педиатрия стоматология, медико-профилактикалык иши, магистратура боюнча коомдук саламаттыкты сактоо жана PhD докторантуранын экономика багытынын билим берүү программаларынын сапатын баалоо жүргүзүлдү.

Аккредитация ОшМУнун билим берүү программаларынын эл аралык стандарттарга ылайыктуулугун тастыктоо жана алардын жогорку квалификациялуу адистерди даярдоого багытталгандыгын көрсөтүү максатында өттү. Бул процедурада учурунда билим берүү программаларынын өздүк баалоо отчёттору анализденди.

Ректор, административдик башкаруу кызматкерлери, профессордук-окутуучулук курам, студенттер, бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөр менен интервью өткөрүлдү. Ошондой эле окуу процессинин уюштурулушу жана билим берүү программаларынын материалдык-техникалык базасынын абалы да бааланды.

Ошондой эле ББПУА агенттиги тарабынан да теология, электр менен камсыздоо, автомобиль унааларын техникалык тейлөө жана ондоо, физикалык терапия орто кесиптик билим берүү жана педагогика (бакалавриат, магистратура), социалдык-экономикалык билим берүү (бакалавриат, магистратура), математика жана компьютердик илимдер (бакалавриат), башталгыч билим берүү, англис тили (бакалавриат), дене тарбия жана спорт жогорку кесиптик билим берүү багыттары боюнча программалык аккредитациядан өтүштү.

Аккредитациянын максаты — ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларынын жогорку сапатын, алардын заманбап стандарттарга жана иш рыногунун талаптарына ылайыктуулугун тастыктоо.

Аталган процедуранын жүрүшүндө агенттиктин эксперттери билим берүү программаларынын окуу пландарын, материалдык-техникалык базасын, илимий-изилдөө иштерин жана кызыктар тараптар менен өз ара аракеттенүүсүн баалашты.

Окуу жайда болуп өткөн программалык аккредитация жана лицензиялоо бөлүмү координацияланды.

Жарыя, Жарыя, Жарыя

Ош мамлекеттик университети факультеттердин декандары, институттардын, жогорку мектептин, колледждердин директорлору жана кафедра башчылары кызмат орундарына конкурс жарыялайт:

Окуу түзүмдүн аталышы	Декан/директор кызмат орунга	Кафедра башчылык кызмат орунга
Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институту	1	
Эксперименталдык жана теориялык физика кафедрасы		1
Энергетика кафедрасы		1
Математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджменти кафедрасы		1
Алгебра жана геометрия кафедрасы		1
Жалпы физика жана физиканы окутуунун усулдары кафедрасы		1
Жогорку математика кафедрасы		1
Автоматташтырылган системалар жана программалоо кафедрасы		1
Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасы		1
Информациялык системалар жана программалоо кафедрасы		1
Колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасы		1
Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институту	1	
Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана биологияны окутуунун усулу кафедрасы		1
Зоология, экология жана биоинженерия кафедрасы		1
Химия жана химиялык технологиялар кафедрасы		1
Аграномия жана колдонмо геодезия кафедрасы		1
Ветеринардык медицина жана биотехнологиялар кафедрасы		1
Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасы		1
Физикалык география, Кыргызстандын география жана табият таануунун концепциялары кафедрасы		1
Дене тарбиянын физиологиясы, теориясы жана методикасы кафедрасы		1
Спорттук жана улуттук оюндар кафедрасы		1
Факультеттер аралык № 1 дене тарбия кафедрасы		1
Факультеттер аралык № 2 дене тарбия кафедрасы		1
Экономика, бизнес жана менеджмент институту	1	
Бухгалтердик эсеп жана экономикалык анализ кафедрасы		1
Ишканалардын экономикасы жана башкаруу кафедрасы		1
Менеджмент жана маркетинг кафедрасы		1
Финансы жана банк иши кафедрасы		1
Экономика жана салыктар кафедрасы		1
Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу кафедрасы		1
Социалдык иштер кафедрасы		1

Бизнес информатика жана экономикадагы математика кафедрасы		1
Филология жана маданият аралык коммуникация институту	1	
Филологиялык билим берүү технологиялары кафедрасы		1
Кыргыз тил илими кафедрасы		1
Кыргыз адабияты кафедрасы		1
Факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасы		1
Дүйнөлүк адабият кафедрасы		1
Орус жана салыштырма тил илими кафедрасы		1
Чет тилдер жана маданият аралык байланыштар кафедрасы		1
Орус тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасы		1
Факультеттер аралык орус тилинин практикалык курсу кафедрасы		1
Англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасы		1
Америка жана котормо таануу кафедрасы		1
Англис филологиясы кафедрасы		1
Англис тилин окутуунун усулу кафедрасы		1
Немис тили кафедрасы		1
Факультеттер аралык чет тилдер кафедрасы		1
Медицина факультети	1	
Урология, онкология жана теривенерология кафедрасы		1
Жалпы хирургия кафедрасы		1
Хирургиялык оорулар кафедрасы		1
Ички оорулар үй-бүлөлүк курсу кафедрасы		1
Неврология, нейрохирургия жана психиатрия кафедрасы		1
Акушердик иш жана гинекология кафедрасы		1
Гистология жана патанатомия кафедрасы		1
Адамдын нормалдуу жана топографиялык анатомиясы конституционалдык типология курсу менен кафедрасы		1
Ортопедиялык стоматология ортодонтия курсу менен кафедрасы		1
Терапиялык стоматология, балдардын терапиялык стоматологиялык курсу менен кафедрасы		1
Базистик жана клиникалык фармакология кафедрасы		1
Фармацевтикалык химия жана дары каражаттарынын технологиялары кафедрасы		1
Жалпы, клиникалык биология жана патофизиология кафедрасы		1
Табигый илимдер дисциплиналары кафедрасы		1
Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасы		1
Эпидемиология, микробиология жана жугуштуу ооруулар курсу кафедрасы		1
Аскердик медициналык даярдоо жана өмүр коопсуздугу кафедрасы		1
Терапиялык дисциплиналар кафедрасы		1
Балдар хирургиясы кафедрасы		1
Педиатрия 1 кафедрасы		1
Хирургиялык стоматология, балдар хирургиялык стоматология курсу менен кафедрасы		1
Травматология, соттук медицина жана нур диагностикасы кафедрасы		1
Лабораториялык жана медайымдык иши кафедрасы		1
Ички оорулардын пропедевтикасы кафедрасы		1
Фармацевтикалык ишти уюштуруу жана фармакогнозия кафедрасы		1
Эл аралык медицина факультети	1	
Клиникалык дисциплиналар № 1 кафедрасы		1
Хирургиялык дисциплиналар травматологиялык курс менен кафедрасы		1
Социалдык- гуманитардык дисциплиналар кафедрасы		1
Анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасы		1
Патология, базистик жана клиникалык фармакология кафедрасы		1
Табигый илимдер жана математика кафедрасы		1
Клиникалык дисциплиналар № 2 кафедрасы		1
Клиникалык дисциплиналар № 3 кафедрасы		1
Коомдук саламаттык жана саламаттыкты сактоо кафедрасы		1
Теология факультети	1	
Дин таануу жана гуманитардык предметтер кафедрасы		1
Кыргыз-Кытай факультети	1	
Кытай тили жана кытай таануу кафедрасы		1
Тарых жана юридика институту	1	
Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасы		1
Кылмыш-жаза укугу жана процесси кафедрасы		1
Жарандык укук жана процесси кафедрасы		1
Криминалистика, соттук экспертиза жана бажы иши кафедрасы		1
Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасы		1
Жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасы		1
Педагогика, искусство жана журналистика институту	1	
Башталгыч, мектепке чейинки билим берїїнїн педагогика жана психология кафедрасы		1
Башталгыч билим берїїнїн теориясы жана методикасы кафедрасы		1
Башталгыч билим берїїнїн тилдеринин, адабиятынын теориясы жана методикасы кафедрасы		1
Психология кафедрасы		1
Педагогика кафедрасы		1
Жалпы психология кафедрасы		1
Журналистика кафедрасы		1
Музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлєє кафедрасы		1
Элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасы		1
Сүрөт, чийүү жана эмгек кафедрасы		1
Дизайн кафедрасы		1
Философия жана политология кафедрасы		1
Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектеби	1	
Чыгыш таануу институту	1	
1. Чыгыш таануукафедрасы		1
Финансы-юридикалык колледж	1	
Индустриалдык-педагогикалык колледжи	1	
Эл аралык билим берүү программалары колледжи	1	
STEM инновациялык колледжи	1	
Медициналык колледжи	1	
Өзгөн эл аралык медициналык колледжи	1	

Конкурска катышуу үчүн талап кылынган документтер берүү мөөнөтү бир ай ичинде университеттин окумуштуу катчысына тапшырылат.

Конкурска катышуу үчүн талап кылынуучу документтер:

1. Конкурска катышуу үчүн арыз (ОшМУнун ректорунун атына);

2. Иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн кадрларды эсепке алуу боюнча жеке баракча (фото сүрөтү менен);

3. Резюме, мурда иштеген жеринен сунуштоо-мүнөздөмө;

4. Иштеген жеринде күбөлөндүрүлгөн эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

5. Иштеген жеринде жетекчилик тарабынан күбөлөндүрүлгөн жарык көргөн илимий жана илимий-методикалык эмгектеринин тизмеси;

6. Нотариус аркылуу же иштеген жеринде кадрдык кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн билими, окумуштуулук даражасы тууралуу дипломдорунун, окумуштуулук наамы тууралуу аттестаттарынын көчүрмөлөрү.

Университеттин дареги: 723500, Ош ш., Ленин көчөсү, 331, 128-каана, тел.: 7-07-45

Кулактандыруу!

Урматтуу Ош мамлекеттик университетинин кадрлар резервине профессордук-окутуучулук кызмат орундарын ээлөө үчүн катышуучу талапкерлер!

Кезектеги конкурстун I этабы (предметтик тест) 2025-жылдын 24-июнь күнү саат 10:00 дө ОшМУнун башкы имаратында өткөрүлөт.

Предметтик тесттен 70 упайдан жогору балл алгандар үчүн педагогика-психология боюнча II этаптагы сынак 2025-жылдын 27-июнь күнү саат 10:00 дө өткөрүлөт.

ОшМУнун сайтына (oshsu.kg) кирип, кафедралар жана тесттик суроолор боюнча маалымат алсаңыздар болот.

Эскертүү: Арыздар 2025-жылдын 20-июнь күнү саат 14:00 гө чейин кабыл алынат.

Кадрлар бөлүмүнүн башчысы: Г. Турдубаева.

“ЖАШЫЛ ААЛАМ” ЭЛ АРАЛЫК ПОЭЗИЯ ФЕСТИВАЛЫ ЖЕТИ ДУБАНДЫН АКЫНДАРЫН БИРИКТИРДИ

Кыргыздын классик акындарынын сап башында отту сүйгөн акын Жолон Мамытовдун чыгармалары жан дүйнөңдүн түпкүрүнөн орун алып, тээ бир көр тириликтин сазынан сууруп чыгып, жаштыкты, сүйүүнү даңазалап турат. Акын 50 жашка жетпеген өмүрүндө өзүнүн жеке портретин ыр менен дааналап тартып, Алыкулдун саптарындай он беш жолу улам кайра туулуп, он беш жолу жашарып убакыт өткөн сайын чыгармачылыгы даңазаланып турган чагы.

Акындын “Отту сүйөм”, “Жашыл аалам”, “Убакыт”, “Ырлар”, “Мезгилдин элеси”, “Буурул таңдын жомогу”, “Суунун өмүрү”, “Жарышкан суулар”, “Атка токум салгыла”, “Жүз жашка тол, кылым”, “Башат жана Мухит” аттуу поэтикалык жыйнактары басмадан чыгып, адабият күйөрмандарынын алкоосуна татыган.

Ош шаарында Жолон Мамытовдун 85 жылдык маракесине арналган “Жашыл аалам” эл аралык поэзия фестивалы өттү. Иш-чара 28-29-30-май күндөрү өтүп, фестивалга катышуу үчүн Азербайжан, Венгрия, Казакстан, Кыргызстан, Түркия, Түркмөнстан жана Өзбекстандын жаш акындары келишти.

Фестиваль ТҮРКСОЙ эл аралык уюму, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, Улуттук жазуучулар союзу, Президенттин Оштогу өкүлчүлүгү, Ош мэриясы, Султан Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театры, “ЭлТР” мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы, жана Ош мамлекеттик университети тарабынан уюштурулууда. Алгач Ош шаарынынын Ак-Тилек кичи районундагы “Жолон Мамытов” паркына акындын айкели коюлду. Аземде мамлекеттик катчы Марат Иманкулов, президенттин Ош облусундагы өкүлү Элчибек Жантаев, Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев, эл артисти Түгөлбай Казаков, “Түрксойдун” башкы катчысы Султан Раев, акындын жубайы, кыргыз эл жазуучусу Менди Мамазаированын жана коноктордун, поэзия сүйүүчүлөрдүн катышуусунда акындын айкели салтанатту ачылды. Акын күлгүн курак 48 жашында оорудан улам каза болгон. Бирок, артында кыргыз поэзиясына, адабиятына салган изги жолу жана 3 уул, 1 кызы өмүрүн улап келет.

Иш-чаранын экинчи бөлүгү ОшМУнун башкы корпусунда уланып, катышуучулары куттуктоо сөздөрүн жолдоп, Жолон Мамытовдун бейнесин чагылдырган сүрөт көргөзмөгө, акындар парадына жана концерттик программага күбө болушту. Катышуучулар акындын эл аралык мааракеси бүткүл түрк элдеринин адабият, маданият жана искусствосун жакындаштырган, достук менен ынтымактын данакерине айландыгын белгилешти.

Түрксой эл аралык уюмунун баш катчысы Султан Раев:

-Фестивал Жолон Мамытовдун чыгармаларын гана даңалазабай байыркы Ош шаарынын маданиятын, тарыхын жана меймандостугун жайылтуу. Ошону менен бирге түрк тилдүү элдердин арасында жаңы желаргыны алып келип, акындарга дем берет деген ойдомун-деди.

Мамытовдун жубайы Меңди Мамазаирова:

-Түрк элдеринин акындары ушундай деңгээлде жолугушуп, чыгармачылык боюнча баарлашуусу бул адабияттын дагы бир тепкичке көтөрүлүп, жаш акындардын чыгармачылыкка болгон кызыгуусун артырып, мындан ары да ушундай жогорку деңгээлде уюштурулат деп ойлойм-деди.

Казакстандык акын Мерай Карт:

-Бул “Жашыл аалам” фестивалы ар

бир элдин маданиятына, адабиятына жасалган жылуу мамиле. Биз жаш акындар бири-бирибиз менен таанышып, чыгармаларыбызды өз тилибизге которуп, табият койнунда адабий майрамга катышып жатабыз. Бул ар бир акынга эргүү таартуулайт-дейт.

Күндүн экинчи бөлүгүндө ОшМУнун «Ак-Буура» кампусунда “Отту сүйөм” поэзия кечесине тартууланып, окуу жайдын «Congress Resort OshSU» комплексинде “Жашыл аалам” кечки эркин поэзия кечеси уюштурулду.

Ал эми 29-майда коноктор университетте “Түрк дүйнөсүндөгү көркөм котормо маселелери” талкуусуна катышып, Фестивалдын жабылуу аземи Ош улуттук драма театрында өттү. Коноктор үчүн 30-май күнү Кара-Кой эс алуу комплексине саякат уюштурулду.

Каныкей Жороева.

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

Ош мамлекеттик университетинин тарых факультетине 40 жыл

ТАРЫХ, УЧУР, КЕЛЕЧЕК

Тарых факультети ордендүү Ош мамлекеттик университетинин курамындагы бай тарыхка ээ.

Ал окуу жай менен жашташ болуп, 1939-жылы Ош мугалимдер институту ачылганда, анын курамында өз алдынча тарых факультети да түзүлгөн. 1941-жылы Ош мугалимдер институтун бүтүргөн алгачкы 33 бүтүрүүчүнүн 9у тарых факультетинин бүтүрүүчүлөрү болушкан.

Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде Ростов мамлекеттик университети Ош шаарына эвакуацияланып келип, 1942-44-жылдары Ош мугалимдер институтунун окуу имаратында жайгашып, иштеп турган. Ош мугалимдер институту Ростов университетинин курамына кошулган.. Ростовдук илимпоздор, алардын арасында тарыхчылар жергиликтүү билим берүүгө, илимий өнүгүүгө чоң таасир тийгизгени маалым. Белгилей кетсек, 1944-жылы май айында Ростов университети өз мекенине көчүп кеткенде, алардын үч окутуучусу Ош мугалимдер институтунда иштеп калышкан. Алардын арасында тарых илимдеринин кандидаты Я.Г.Рубин болуп, ал Ош мугалимдер институтунун тарых адистигинин ошол кездеги өнүгүшүнө жигердүү салым кошкон.

Бирок, 1951-жылы Ош мугалимдер институту Ош педагогикалык институту болуп кайра түзүлгөндө, анын курамындагы тарых-филология факультетинин алдындагы тарых адистиги жабылып калган. Тарых факультети өз тарыхынын алгачкы этабында кыска аралык (1939-1951) иштесе да, өлкөбүздүн ошол кездеги билим берүү тармагы үчүн көптөгөн жогорку билимдүү тарыхчы мугалимдерди даярдады.

Факультеттин тарыхынын экинчи этабы 1960-жылдан кайрадан башталат. Ушул жылы Фрунзедеги сырттан окуу педагогикалык институту жабылып, анын тарых адистигинде окуп жаткан студенттер (республикабыздын түштүк районундагы) ОшПИге которулуп келишкен. 1960-жылы ОшПИнин филология факультетинде тарых бөлүмү түзүлөт жана окуу жайда тарыхчы адистерди даярдоо жүргүзүлө баштаган. 1964-жылы тарых бөлүмү өз алдынча тарых факультети болуп уюшулган.

Факультет 1969-жылга чейин иштеп, көптөгөн жогорку билимдүү тарых мугалимдерин, болочоктогу тарыхчы окумуштууларды, мамлекеттик кызматкерлерди даярдаган. Мисалы, т.и.д., профессор Д. Нур уулу, т.и.к., доценттер А.Абдылдаева, Ж.Адильбаев, советтик-партиялык ишмер Матен Сыдыков ж.б. 1960-жылдарда ОшПИнин тарых факультетинде билим алышкан. Бирок, айрым саясий себептерден улам 1969-жылы тарых факультети кайрадан жабылып, студенттер Фрунзе шаарында жайгашкан КМУнун тарых факультетине которулушкан.

Заман талабына ылайык, 1985-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун курамында тарых адистиги кайрадан ачылган. Ушул жылы ОшМПИнин филология факультетинин курамында тарых бөлүмү түзүлүп, бөлүм башчы болуп атайын КМУдан чакырылган тарых илимдеринин кандидаты Ташманбет Кенесариев дайындалат. Ал жаңы түзүмдүн уюштуруу, андан ары өнүктүрүү иштерин татыктуу аткарууга киришкен. Алгач тарых бөлүмүндө болгону эки окутуучу Т.Кененсариев өзү жана Анара Нургазиева эмгектене башташса, 1988-жылы окутуучулардын жалпы саны 18ге жеткен.

1989-жылдын 13-сентябрында тарых факультетинин 10 студентинин үгүт иштеринин натыйжасында, "Кыргыз тилине мамлекеттик статус берилсин" деген ураан менен институттун 3000 студентинин сабак таштоосу менен Ош шаарынын борбордук аянтында митинг болуп өткөн. Ошол убактагы СССРдин Жогорку Кеңешинин депутаты Горбунов, ОшМПИнин проректору Штремплер жана башкалар кыргыз тилине мамлекеттик макам берүүгө каршы жазган макалалары үчүн студенттерден кечирим сурашкан.

1990-жылы май айында Кыргызстан КП БКнын катчысы М.Шеримкулов, Кыргыз ССР Билим берүү министри М.Базаркулов ж.б. жетекчилер институтка келишип, тарых факультетинин жатаканасында студенттер менен жолугушуу өткөрүшкөн. Бул мисалдар ошол кездеги тарых факультетинин студенттеринин Ош шаарындагы прогрессивдүү күчтөрдүн башатында турушканын да далилдейт.

2000-2006-жылдары тарых факультетин т.и.к., доцент Т.Кадыров жетектеген. Бул мезгил да факультеттин тарыхында өзгөчө өсүп-өнүгүүнүн мезгили катары жазылып калды. Факультетте 2002-жылы "Тарыхты окутуунун усулу жана коомдук илимдер" кафедрасы уюшулуп, кафедра башчылыгына доцент Т.Өмүрзакова дайындалган. Кафедрага өндүрүштө эмгектенишкен бир катар тажрыйбалуу педагогдор жумушка тартылган. Өндүрүш (мектеп) менен байланыш күчөтүлүп, теория менен практиканы айкалыштырып билим берүү жаңы деңгээлге көтөрүлө баштады.

Бул мезгилде студенттик контингент жогорулап, факультетте билим берүү 3 тилде (кыргыз, орус жана өзбек) жүргүзүлө баштады. 2000-2005-жылдар аралыгында факультетке жыл сайын күндүзгү бөлүмгө 150-200дөн ашуун абитуриенттер кабыл алынып турган. 2000-2001-окуу жылында факультеттин күндүзгү бөлүмүндөгү студенттердин саны 600дөн ашкан.

2008-жылы тарых-философия жана юридика факультеттери бириктирилип, структура тарых-юридика факультети болуп түзүлгөн.

2014-жылдын 5-сентябрында тарых-юридика факультети өз алдынча структураларга бөлүнүп, тарых факультети кайра түзүлгөн. Факультеттин деканы болуп т.и.к, доцент С.А.Смадияров шайланган. 2023-2024-окуу жылында факультеттин "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология" кафедрасына Россия ИАнын Сибирь бөлүмүнүн аспирантурасын аяктап, археология боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган Алишер кызы Салтанат доценттик кызматка чакырылды. Ал жаш экенине карабай, Россия, Франция, Казакстан, Канадалык окмуштуу-археологдор менен биргеликте Кыргызстандын түштүк аймактарындагы таш дооруна тиешелүү эстеликтерди изилдөө экспедицияларына катышкан. Ал Scopusta индексацияланган журналдарда 13 макаланын автору. С.Алишер кызынын демилгеси менен 2024-25-окуу жылынан факультетте "Археология жана социалдык антроплогия" профили боюнча магистратура программасы ачылып, учурда 8 магистрант билим алууда.

2024-жылдын 22-июнунда ОшМУнун ректорунун №2810 буйругу менен «Тарых жана социалдык иштер» жана «Юридика» факультеттери бириктирилип, Тарых-юридика институту түзүлгөн. Учурда институтту юридика илимдеринин доктору, профессор Г.К.Кулдышева жетектеп келүүдө. Ал эми "Социалдык-экономикалык билим берүү" (тарых профили) боюнча даярдоону "Жалпы тарых жана ТОУ", "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология" кафедралары аткарууда.

Акыркы 5 жыл аралыгында (2020-2025) тарых факультети шартка жараша өз алдынча же бириккен түзүмдөр катары жана түрдүү аталыштарда ишмердигин улантып келе жатат. Бул мезгилде тарыхчылар жамаатынын окуу, илимий, тарбиялык жана эл аралык байланыштар жаатында болбосун өздөрүнө коюлган миссиясын татыктуу аткарып келишүүдө.

29-майда Ош мамлекеттик университетинин Тарых факультетинин 40 жылдык маараке белгиленди. Иш-чараны ректор Кудайберди Кожобеков ачып, факультеттин тарыхы, ийгиликтери, жетишкендиктери боюнча айтып, куттуктоо сөзүн жолдоду.

Мааракеге факультеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү, Жогорку Кеңештин аппаратынын жетекчиси Алайбек Алымбаев, Ош шаарынын вице-мэри Сонунбек Жунусбаев, президенттин Ош облусундагы өкүлүнүн аппаратынын социалдык бөлүмүнүн башчысы Кенжебек Абдылдаев, ОшМПУнун ректору Бекмырза Зулуев, чет өлкөлүк өнөктөш ЖОЖдордон өкүлдөр, окумуштуулар, окуу жайдын профессордук-окутуучулук курамы, факультеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрү, студенттер катышты.

Алгач мааракеге арналган даректүү тасма көрсөтүлүп, 40 жыл ичинде факультеттин жетишкендиктери тууралуу маалымат берилди. Өнөктөш жогорку окуу жайлардын, Чехия, Орусия, Кыргызстандан окумуштуулардын, ардагер окутуучулардын, бүтүрүүчүлөрдүн куттуктоо сөздөрү жаңырды.

Кечеде факультетте мурда иштеп кеткен жана учурда эмгектенип жаткан ардагер окутуучулар профессор, коомдук ишмер Балтагул Нурунбетов, ЖАМУнун профессору Эртабылды Сулайманов,

ОшМУнун доценти Жумали Адилбаев, коомдук-саясий ишмер Турсунбай Бакир уулу, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти Карыбек Алымкулов да факультет тууралуу айтып, каалоолорун жолдошту.

Иш-чаранын алкагында ОшМУнун мыкты окутуучуларына мамлекеттик жана шаардык деңгээлдеги сыйлыктар, бүтүрүүчүлөргө "Тарых факультетинин мыкты бүтүрүүчүсү" номинациялары тапшырылды. Мааракенин алкагында "Кыргызстандагы тарыхый билим берүүнүн мурасы жана келечеги" аттуу илимий-практикалык конференция уюштурулуп, баяндамалар окулду.

Күндүн экинчи бөлүгүндө коноктор Ош шаарына жана ОшМУга саякат жасашты. ОшМУнун тарых факультети беш миңден ашуун кошкон адистерди даярдап келет. Учурда Тарых-юридика институтунун курамында.

ОшМУнун сыймыктуу мугалимдеринин бири Адилбек Салибаев.

Адилбек агай 2005-жылдан тартып ОшМУда эмгектенип, спорттук иш чараларды жандандыруу максатында факультеттер аралык 1-курстардын спартакиадасын спорт клуб менен биргеликте уюштуруп, ынтымактуу, тартиптүү өткөрүп келет. Анын уюштуруу иштерине калыс жана адилеттүү мамиле жасаганы көпчүлүккө маалым.

АДИЛБЕК САЛИБАЕВ - МЫКТЫ УЮШТУРУУЧУ МУГАЛИМ

Адилбек Салибаев факультетер аралык мугалимдер, эжекелер жана студенттер арасында өткөрүлгөн спартакиадаларды да калыс өткөрүүгө далалаттанат.

Студенттердин универсиада оюнуна даярдоо боюнча спорттун 16 түрүнөн машыктыруучулар жана жалпы окутуучулар менен эң жакшы ийгиликтерди жарата алган.

Атап айтсак, "Универсиада-2005, Универсиада-2006, Универсиада-2007, Универсиада-2008" спорттун 9 жана 11 түрү боюнча биринчи орунга жетишип, ОшМУнун студенттик курама командасы төрт жыл катары менен универсиада чемпиону болушкан.

Быйыл агай 80 жаштын чайын ичип отурган убагы. Бирок, ар дайым спорт менен алектенип, маанайы жарык жургөндүктөн азыр да эмгектенип, жаштарга жол көрсөтүп жүргөн чагы. Агайдын өмүр баянына азын-оолак токтолуп кетсек:

Ал 1945-жылы 24-августа Ноокат районун Бел айылдык өкмөтүнүн "Борбаш" айылында туулган. 1953-жылы "Кенеш" жети жылдык мектебинин 1-классына окууга барган. 1963-жылы " Ю.А.Гагарин" атындагы орто мектебинин 10-классын бүтүргөн.

1964-1966-жылдары Советтик армиянын катарына чакырылып, Германияда кызмат өтөгөн.

1972-жылы кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун бүтүргөн.

1976-жылга чейин "Кенеш" орто мектебинде дене тарбия мугалими болуп иштеген.

1976-1978-окуу жылдарында Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүндө методист жана тренер болуп эмгектенген.

1979-2001-окуу жылдары "Кенеш" орто мектебинде окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары жана "Кенеш" орто мектебинин директору болуп иштеген.

2001-2002-окуу жылдары Ош мамлекеттик университетинде окутуучу болуп эмгектенген.

2003-2004-окуу жылдарында Кыргыз мамлекеттик юридикалык академиянын түштүк аймактык институтунда ага окутуучусу да болуп эмгектенген.

2005-жылдан тартып Ош мамлекеттик университетинде дене тарбия кафедрасынын кафедра башчысы болуп дайындалган. 2001-жылдан баштап азыркы күнгө чейин факультеттер аралык №1 дене тарбия кафедрасында доценттик кызматында эмгектенип келет.

2001-2004-жылдары Бел айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган.

2004-2008-жылдары Ноокат райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган.

Спорттогу ийгиликтер

Салибаев Адилбек агай жаштарды окутуп, тарбиялоодо көп жылдык үзүрлүү эмгектенүү менен төмөндөгүдөй сыйлыктарга жетишкен:

Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы",

1981-жылы Ош областык билим берүү башкармасы тарабынан жеңил автомашина менен сыйланган.

1981 –жылы КРнын "Билим берүүсүнүн отличниги", 2006-жылы

КРдин "Дене тарбия жанан спорттун отличнигы",

КРнын билим берүү жана илим министринин "Ардак грамотасы",

КРнын "Спорттун Ардагери" деген төш белгиси менен сыйланган. 2010-жылы ОшМУнун "Ардактуу ардагери" – деген наам ыйгарылган, Ош мамлекеттик университетинин "Ардак грамотасы", Ош шаардык кеңешинин "Ардак грамотасы" менен сыйланган.

Салибаев Адилбек агай ОшМУнун волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасын 2005-жылдан баштап уюштуруп машыктырган. Областтык жана республикалык мелдештерге катыштырып, алдыңкы орундарга жетишкен. Республикалык мугалимдердин Ысык-Көлдө өткөрүлүүчү ден соолук спортакиадасына 10 жыл катары менен катыштырган.

Ош областынын волейбол боюнча кыз-келиндер курама командасын 2006-жылдан уюштуруп, машыктырып, даярдап Кыргызстандын спортакиадасына 3 жолу катыштырган. Чолпон-Ата шаарында өткөрүлгөн эл аралык Ысык-Көл оюнуна беш жыл командасын катыштырган.

Салибаев Адилбек агай 1968-жылы Салибаева Марипат менен турмуш курушкан. Эки уул, алты кыздуу болушкан. Сегиз баланы татыктуу тарбиялап, тууруна кондуруп, 31 неберенин, 11 чеберенин таттуу күлкүсүнө бөлөнүп, бактылуу өмүр сүрүп жаткан чагы. Агайга ден соолук жана узак өмүр, бакубат турмуш каалайбыз!

Факультеттер аралык

№1 дене тарбия

кафедрасынын жамааты. .

Дидактика
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий-педагогикалык, маалыматтык гезити

ОКУУЧУ - КООМДУН ЭҢ МААНИЛҮҮ АМАНАТЫ

Үммөтүмдөн эки коом бар, эгер алар жакшы болсо коом жакшы болот, эгер алар жаман болсо, коом да жаман болот. Алар башкаруучулар жана мугалимдер.

Аз.Мухаммед (С.А.В)

Бир адам океандын жээгинде сейилдеп жүрүп океанга шашып-бушуп бир нерселерди ыргытып жаткан адамды көрүп калат. Бир аз жакыныраак барып байкаса, ал киши жээкке чыгып калган деңиз жылдыздарын океанга кайра ыргытып жатканын байкайт. Кызыгуу менен сурайт:

-Эмне кылып жатасыз?

-Океанга деңиз жылдыздарын ыргытып жатам.

-Деңиз жылдызыбы? Эмнеге?

-Күндүн көтөрүлгөнүнө бир топ болду, суудагы тартылып жатат. Эгер аларды сууга ыргытпасам өлүп калышат.

-Жакшы, бирок бул жээктердеги миңдеген жылдыздарды сууга ыргытуу мүмкүн эмес да. Сиздин бул ишиңиз менен эмне өзгөрмөк эле? – деди таң калуу менен.

Чоочун адам суроону укту да кумдардын арасынан ийилип бир деңиз жылдызын алып океанга ыргытып атып мындай деди:

-Караңыз, бул жылдыз үчүн көп нерсе өзгөрдү.

Бул окуядан кандай тыянак чыгарууга болот? Миңдеген окуучулардын түрдүү шарттарда билим алып атканы жашыруун эмес. Алардын баарынын көйгөйүн заматта чечүүгө мүмкүн эмес экени баарына белгилүү. Бирок, бир окуучунун болсо да проблемасын: окууга болгон кызыгуусун, тарбиясын, активдүүлүгүн, багытын түздөөгө кантип болбосун. Миллиондогон деңиз жылдыздарынын ичинен бир жылдыздын өмүрүн сактап калган окуя, ар бир мугалим үчүн эстен кеткис принцип болушу шарт.

Мугалим баланы “иштеле турган даяр потенциал” катары билүү керек. Эгер бул потенциал жакшы иштелсе, же колдонулса мамлекет үчүн баа жеткис байлык, бирок эгер жакшы иштебесе коом үчүн баш оору, орду торлгус трагедия болушу да мүмкүн. Көптөгөн адамдардын канын ичкен канкор деле убагында “күнөөсүз жаш бала болгону” чын да.

Бардыгыбыз алган билимибиздин айкели болуп саналабыз. Мугалим катары кандай гана кырдаал болбосун: маянабыз канчалык төмөн болсо да, өзүбүз каалабастан эле мугалим болуп иштеп калган болсок да, кээ бир жерлерде өмүрүбуз тобокелге туш келсе да, окуу программасын өтүүдө текшерүүчүлөрдүн айткан чегинен чыга албасак да, пайдубалыбыз жеткиликтүү болбосо да, кээде таптакыр “жок” деп айта турган оор кырдаалда калсак да, кандай гана учур болбосун, бизди куткарыла турган “деңиз жылдыздары” чыдамсыздык күтүүдө.

Өзгөчө окуучулар, ата-энелердин бизге тапшырган аманаты экендигин унутпасак. Эч бир ата-эне баласын бизге “шылдыңдообуз” жана “уруубуз” үчүн жибербейт.

Ар бир бала ата-энеси үчүн өзгөчө мааниге ээ. Эч ким өз баласынын кайгырышын жана ийгиликсиз болушун каалабайт. Ар бир ата-эне өз баласын сөзсүз түрдө жакшы кулк-мүнөзгө жана абройго ээ болушун каалайт.

Мурда ата-энелер “Баламы ура албай жатам, сен ыгын таап, биздин ордубузга да уруп койсоң“ деп баласын мугалимдерине тапшырчу экен. “Баламдын сөөгү меники, эти сеники”, деген түшүнүктөгү мектепти жана ата-энени элестетүү мүмкүн эмес болуп калды.

Бүгүнкү күндө ата-энелер мугалимдин окуучуга эмне үйрөтүп жаткандыгын жакындан байкап турушат. Мына ошондуктан мугалим ата-эненин эң бир баалуу болгон баласын өз баласындай кабыл алып, окуучулардын баарына ата-энедей мамиле кылуусу керек.

Окуучу жактырган мугалиминин

сабагын да жакшы көрөт

Окуу процесси жүргөн класстар, залдар, короолор ар кандай коркуудан, кооптонуудан жана кайгыдан алыс болуусу керек. Изилдөөлөргө караганда, окуучу коркон мезгилде аң сезим менен туюмдун ортосундагы эшиктер жабылып, ал эми сүйүү коштолгон кезде эшиктер ачылганы байкалган. Тилекке каршы, көпчүлүк ата-эне жана мугалимдер сүйүүнүн билим берүүдө кандай уулу күч экенин түшүнө элек. Эгер мугалим дагы да пайдалуу болууну кааласа, анда ал сөзсүз түрдө өзүн окуучуларга сүйдүрүүсү керек. Ата–энелер да балдарынын ийгиликтүү болушун кааласа, анда мугалимдерин балдарына сүйдүрүүгө тийиш.

Хусейин Бешердин окуучуларга карата жүргүзгөн анкетасынын жыйынтыгы бул нерсени ачык айкын көрсөтүүдө. Анкетага 330 окуучу тартылып, алардан жыйынтыгы начар сабактар тууралуу “эмне үчүн ийгилик жарата албай жатасың?” деп сураганда, 71 окуучу (21,5%) ”Предметти жана предметтик мугалимди жактырбагандыгын” айткан. Ал эми ийгиликтүү болгон сабактарынан “эмне себептен мындай мыкты натыйжа корсөткөндөрү суралганда, 133 окуучу (40,3%) “предметтик мугалимди аябай жакшы көргөндүктөн” деп жооп беришкен. Бул нерсе бизге окуучунун ийгилигинде мугалимдин өзүн сүйдүрүүсү канчалык маанилүү экендигин көрсөтуп турат. Окуучу жактырган мугалимин сабагын да жакшы көрөт. Мугалимин жакшы көргөн окуучу ал менен сабак окууну да, анын сабагын даярдоону да жактырып, натыйжада теманы үйрөнүүсү да оңой болот. Андай болсо изилдөөлөрдүн негизинде такталгандай эле окуучу жакшы көрүп окуган сабактарда алган билимин оңой менен унутпайт. Жакшы көргөн мугалимин сабагында ийгиликсиз болгон окуучу өтө аз кездешет. Өтө жакшы мамиледе болгон бир ата-энеси мага келип:

Агайым, өткөн жылы уулумдун математика сабагынан жетиштүү деңгээлде жакшы окуйт эле жана эң жакшы көргөн сабактарынын башында математика келет эле. Бул жылы балага эмне болду, түшүнбөдүм? Ачык айтпады, бирок математика сабагын жактырбаганын сезип жатам. Бул нерсени анын алган баалары да көрсөтүп жатат. Өткөн жыл 90 балл албайт эле, эми болсо араңдан зорго 50 балл алып жатат. Сураныч, уулум менен сүйлөшүңүз, – деди ата-эне.

Ата-энеге макулдугумду билдирип, маселени талдап бермек болдум. Окуучу менен сүйлөшсөм, өткөн жылкы математика мугалими менен жаңы келген мугалимдин айырмасын айтып даттанды. Мурунку мугалимин жакшы көрөрүн, кийинки келгенине түшүнбөй жатканын мындайча айтып берди:

-Бул жылы сабагыбызга кирген мугалим мени дайыма эле уруша берет. Аябай каадалуу жана орой. Ага такыр эле көнө албадым. Көңүлүмө жакпай калды. Сабагына эч киргим келбейт. Сабагына киргим келбей атса, кантип анан жакшы баа алам?

Мыкты мугалим - бардык нерседен мурун өзүн жана сабагын окуучуларга сүйдүрүүгө жетишкен адам. Учурда дүйнөнүн алдыңкы психологдору устат-шакирт ортосундагы сүйүү жана жакындык сезимдер пикир алышууну жеңилдеткенин, билим берүү жана тарбиялоонун таасирин жогорулатканын далилдешти. Коркутуу-үркүтүү, жек көрүү жана кара күчкө салынган ар түрдүү чаралар мамилени кыйындатуу менен гана чектелбестен мугалимди жана окуучуну ийгиликсиздикке түртөт.

Ушул темага байланыштуу дагы бир окуя эсиме түштү:

Кайсы мектеп экени эсте жок. Бир окуучу проблеммалары көбөйүп кеткендиктен сабактарына жетише албай артта калып кеткенин айтышты. Убакыттын өтүшү менен проблеммалардан башы чыкпаган окуучу айлана-чөйрөсүнө да орой мамиле жасай баштаганын эле. Ал окуучу менен жакындан мамиле курган мугалимди таап, окуучун көңүлүн бузган, ийгиликсиздикке алып барып аткан жагдайды тактап берүүсүн сурандым. Кесиптешим күндөрдүн биринде окуучуну жанына чакырып, бактын астында сүйлөшө баштады. Пикир алышуу бир сааттан ашып кетти. Эмне болуп кетти деп тынсызданып баштадым. Алардын жанына барсам, окуучу да, мугалим да бетме-бет олтуруп ыйлап жатышат. Көргөн көзүмө ишене албай турдум. Бул окуя мага аябай таасир этти. Окуучусунун дартына өзүнүн дарты сыяктуу ыйлай билген мугалим кантип окуучуну сүйбөсүн?

Педагог катары Мухаммед (САВ) жашоосуна көз чаптырсак, ал эч кимди, эч бир баланы эч качан чаппаган, урбаган. Ал айлана-чөйрөсүндө жашагандардын көңүлүн сүйүү, мээрим жана жакындык сезимдер менен багынткан. Сүйүү канчалык жана кандай даражада болуш керектиги анын ар бир жасаган иш аракетинен көрүнүп турат. Мухаммед (САВ)дын күндөлүк жашоосу, айлана-чөйрөгө жасаган ыкластуу мамилеси, адамдарды башкаларга караганда көбүрөөк жакшы көрүп, көбүрөөк баалай билгендиги жалпы эле мугалимдерге өрнөк болуп саналат.

Биз дагы окуучуларыбызга, “Мугалимибиз эң көп кимди жакшы көрөт? деген суроосуна, “Эң көп мени жакшы көрөт”, деп жооп айта тургандай мамиле жасашыбыз керек. Ал үчүн мугалим биринчиден, жеке мамиледе, экинчиден, көңүл бурууда, үчүнчүдөн, жакшылыкка багыттоодо жана төртүнчүдөн, окуучунун эмгегин баалоодо баарына калыс мамиле жасашы керек.

Мугалим баа коюп жатканда да, окуучуларга болгон мамилесинде да, жүрөгү мээримге толгон атадай жана ошол эле мезгилде адилеттүү соттой болуусу зарыл. Окуучуларын сүйгөн мугалим - окуучулар тарабынан сүйүлгөн мугалим. Себеби, сүйүү сунган мугалим окуучуларынын андан да күчтүү сүйүүсүнө ээ болот. Эгер чыныгы мугалим ар бир окуучусун чын жүрөктөн сүйсө, жакшы көрсө, окуучуларынын сүймөнчүлүгүнө жетише алса, мындай атмосфера айланага кандай сонун сүйүү тартуулап жатканына күбө болосуз.

Жантен Каянын

“Мугалимдерге кеңеш”

китебинен алынды.

Китептин редактору:

Тургунбай Алдакулов

“Дидактика”
ОшМУнун профессордук-окутуучулук курамынын илимий педагогикалык, маалыматтык гезити

Башкы редактор:
Каныкей ЖОРОЕВА

Редакциялык кеңеш:
Н.Мапаева, Т.Алдакулов, Г.Жутанова, А.Батыралиев, Б.Оморкулов, М.Ниязалиев, З.Нуралиева, М.Осмонали кызы

Фото кабарчы: Р.Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютердик борборунда терилип даярдалып, “ММКны колдоо борбору” басмаканасынан басылды.
КРнын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн каттоо номуру 10155. Күбөлүк 003799

Банктагы реквизиттер:
Инн 00207199610017,
р-с. 4407011103007617,
«РСК-Банк» Ош филиалы, Ош шаары
БИК 129039
Редакциянын дареги: Ош шаары, Ленин көчөсү-331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Гезит "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Нускасы: 1300 Буюртма №547

Алоолонуп күйгөн от көрсөм, Алоолонуп кетет жүрөгүм.

КУСАЛЫК

Кезигип жылдардын бир жылдарында,
Кыйырсыз айлардын бир айларында.
Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды
Жер чийген чачтарыңа байладың да.
Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып
Түшүүдө өмүр менден ушаланып.
Узун түн элесиңди унута албай
Унчукпас болуп кеттим кусаланып.
Коноктой күндөр өтөт алчыланып,
Күмүш сап камчы менен камчыланып.
Бой таштап тегирмендин парасына
Кээ күнү калгым келет кайчыланып.
Көз бүтүп көк көйнөкчөн убагыңдан,
Арбын жыл атың кетпей кулагыман.
Түшүмө киришиңди күндө тилеп
Уктаарда угузбастан дуба кылам.
Кезигип жылдардын бир жылдарында,
Кыйырсыз айлардын бир айларында.
Кайдадыр алып кеттиң жаштыгымды
Жер чийген чачтарыңа байладың да.

АКЫН МЕНЕН УБАКЫТ

Жүрөгүм буюрса, кайтпастан
Күнгө да бой таштаар элем мен.
Кумарсың неликтен байкатпай
Жоюуга ал күчтү денемден?
Кылдаттап кол салып сезимге
Оюңду куюуга башыма,
Айтканың аткарып кезинде
Жетсем деп жеңишке шашыла.
«Алсам, — деп эңсейсиң — кул кылып»,
Кың дебей орундаар буйрукту,
Ойлобой, — ойлорум кыйырды
Түргөнүн Жылдыздай куйруктуу.
Чыккынчы өзүнө ал акын —
Ийисе даңкына жылдардын;
Көңүлүн улайм деп жалгандын,
Көңүлүн сындырса ырлардын...
Оо, анда ал өзүн жазалайт,
Өзүнөн турмушту тазалайт.
Жашоону жалгандан арылтат,
Жарыкта бир тыным жашабайт.

АТА ЖУРТ

Түн бир убак... Саман жолу бозоргон,
Көктү тилген ошол түпсүз тозоңдон.
Не бир укмуш назик ырлар угулат,
Ырлар учат кайруулары озондоп.
Укмуш доордо акыл-эстер жердеген,
Турам жалгыз түн жамынып жерде мен.
Көкүрөккө толуп алып үмүттөр,
Өкүнүчтөр жанга тынчтык бербеген.
Түгөнгөндөй ойдун таза, асылы,
Элестердин ыраңдуусу, жашылы.
Сен тууралу ыр жаза албай Ата Журт,
Алсызданып мыкчый берем башымы.
Келди мына аймагыңа жаз кайра,
Тилге кирди кышта суусу аз дайра
Биз узаттык кыздай сулуу бир жылды,
Дагы бирге өйдөлөдү жаш кайра.
Далайлары баш кошушту теңине,
Сапарынан кайтты көбү элине.
Ушинтип эле кезигүүлөр арбындап,
Айрылуулар токтоп калса эмине.
Ата Журтум, ааламга учкан сен барчын,
Ыйык сезип сендей кутман жер баркын.
Достукка бек тоолук жүрөк толкундап,
Согуп турса, сен жашайсың, сен барсың.
Түп аталар жат колунан сак кармап,
Жалындашып, сени сүйгөн кастарлап.
Ошол тейден тирүү жетип бул күнгө,
Өсүүдөсүң ай теректей асмандап.
Мунун баары дайын сага беш колдой,
Муну билүү бизге керек беш колдой.
Биздин тагдыр сага куят, Ата Журт,
Дайра суусун көлгө келип кошкондой.

ЧЫН ЖҮРӨКТӨН СҮЙЛӨШӨЛҮ

Коркпойм десе өлүмдөн ким,
Ал калп айтат, ишенбегин.
Ж.Ж.Руссо
Оозумдан ышкырык чыгат үшкүрүктөй,
көөдөнүмдөн жалын куюлат.
Жан курбулар, өткөн күнүбүз,
баарысынан кымбат туюлат.
Биз мезгилди шылдың кылабыз,
ден соолуктуу жашыл куракта.
Кош дешээрбиз чогуу боло албай,
ар кай жерде, ар кай куракта.
Бул дүйнөгө келген нерсени
кетпес кылып жасап койсочу.
Белгисиз бир күндүн колунда
кылыч турат бизди мойсочу.
Мезгил мынча ылдам учат деп,
карыялар ойлуу сүйлөшөт.
Билем, андай токтоо болууга,
бизди дагы турмуш үйрөтөт.
Жаштыктагы жалын күндөрүн,
карыялар тез-тез эскерет.
Жамандыгы ичке катылып
эт жүрөгүн тилет кескилеп...
Кармаштарда кандар төгүлгөн.
бул күн бизге оңой келбеген.
Алп жүрөктөр октон быркырап,
аралашып калган жер менен.
Келе электе биз бул жарыкка
мойнубузга милдет тагылган.
Бийиктерге алып чыксын деп
биздин жаштык — учкул чагылган.
Биз урунган жеңил буюмдар
кыйынчылык менен жаралган.
Үмүт ишке ашып жатпайбы
үлгүлөрү калып алардан.
Сактангыла, азиз курбулар,
көңүл чөгүү деген илдеттен.
Колубузда журттун тагдыры,
алдыбызда улуу милдеттер.
Каалабаган колун көтөрсүн.
Бирөө, экөө... мында калчулар.
Бөлөгүбүз Мекен буюрса
өлүмгө да ырдап барчулар!

Жолон Мамытов.